Наматова Э.

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

ДИАЛОГДУК РЕПЛИКАЛАРДАГЫ ИМПЛИЦИТТҮҮЛҮК КУБУЛУШУ

Акыркы 20 жылдын аралы-гында илимде диалогду изилдөөгө көп көңүл бурула баштады. Диалог грамматикалык, психологиялык, коммуникативдик-прагматикалык, типологиялык аспектиде изилденет. Адамдар ортосундагы карым-катыш-ты тейлөөнүн негизги тилдик бирдиги болгон сүйлөм, өзгөчө, оозеки кепте жана көркөм кепте өтө көп кырдуу маанилик бөтөнчөлүктө колдонулат. Башкача айтканда, сүйлөөчүнүн ойду берүү максатына, же анын тындоочу менен болгон мамилесинин деңгээлине, кырдаал-дык өзгөчөлүккө ж.б. ылайык сүйлөмдө камтылган ой, же маалымат ачык, түшүнүктүү абалда (эксплициттик мааниде), же теске-рисинче, так эмес, түшүнүүгө татаал абалда (имплициттик мааниде) берилиши мүмкүн. Сүйлөмдөгү мындай көрүнүштөр бардык тилдерге эле мүнөздүү кубулуш болуп саналат. Анткени ар кайсы улуттун психологиялык, социалдык, үрп-адаттык өзгөчөлүктөрү анын тилине да таасирин тийгизип, маалыматтык карым-катыштын маанилик деңгээ-лин шарттайт.

Ошону менен катар эле азыркы изилдөөчүлөрдү пара-лингвистикалык жана кинетикалык кубулуштар кызыктырып келүүдө. Анткени диалогдук мамиле адам-дардын пикир алышуусунун бардык чөйрөсүн камтыйт. Анын ичинен диалогдогу «имплициттүүлүк» түшү-нүгүнүн маанисин билүүгө арналган бир нече эмгектер бар (А.В.Бон-дарко, М.Ю.Федосюк, Л.В.Лисо-ченко, В.Х.Багдасарян, К.А.Доли-нин ж.б.). Пикир алышуунун не-гизги түзүүчү элементтеринин дагы бири катары пикир алышуучулардын ортосундагы макул болуу же макул болбоону билдирүү эсептелет. Адресанттын айтымына жооп катары пайда болгон макул болуу же макул болбоо маанисиндеги реакция диа-логдук дискурстун түзүүчү бөлүктөрүнүн бири болуп саналат.

Диалогдук тексттин структура-сындагы жооп репликасынын им-плициттик мазмунун изилдөөгө да көптөгөн окумуштуулар кайрылыш-кан (Щерба Л.В., Якубинский Л.П., Винокур Г.О., Винокур Т.Г., Шведо-ва Н.Ю., Попов И.А., Арутюнова Н.Д., Леонтьев А.А., Баранов А.Н., Крейдлин Г.Е., Падучева Е.В., Балаян А.Р., Голубева Н.И, Манаткина, Изаренков Д.И., Теплицкая Н.И. ж.б.).

Тилдин коммуникативдик функ-циясынын бардык сферасында имплициттүүлүк түшүнүгү кеңири кезиккендиктен, бул маселеге лингвисттердин кайрылуусу – таби-гый эле көрүнүш.

Азыркы учурда тилдин коммуникативдик функциясынын ишке ашуу өзгөчөлүктөрүн изил-дөөгө өзгөчө көңүл бурула баштады. Тил белгилик система болуп саналган менен, адамдар орто-сундагы өз ара катнаштын өнүккөн жогору формасы – сүйлөм аркылуу ишке ашат. Ал эми сүйлөм – адамдын сезим-туюмун, оюн, талабын билдирген маалыматты экинчи, үчүнчү жакка берүүнү камсыз кыла турган негизги тилдик бирдик. Андыктан ал адамзат коомунун жашоосун жана өнүгүшүн шарттоочу негизги функцияны аткаруу менен өтө көп кырдуу структуралык жана маанилик бөтөнчөлүктөрдө берилет. Ал эми сүйлөмдөгү андай маанилик бөтөн-чөлүктөр сүйлөөчүнүн туюмуна, кырдаалдык өзгөчөлүккө, маалымат берүүнүн стилдик

бөтөнчөлүктөрүнө жана башкаларга ылайык келип чыгат. Кеп куруудагы бул өңдүү көрүнүштөр сүйлөөчүнүн сүйлөм курууда тийиштүү сөз жана сөз айкаштарын тандоосун, же тескери-синче айрым тилдик каражаттарды кыскартып берүүсүн шарттайт. Сүйлөмдүн маанилик уюшулушун-дагы мындай абал (ойду тастыктоочу тилдик каражаттардын берилиши, же айрым тилдик бирдиктердин атайын максатта түшүрүлүшү ж.б.) ар кайсы айтымга мүнөздүү болушу мүмкүн. Кеп куруудагы сүйлөмдүн маанилик курулушундагы мындай абал тил илиминде эксплициттүүлүк жана имплициттүүлүк түшүнүктөрүнө ажыратуу менен анализделинип келүүдө.

Тилдин бардык деңгээли макул эместикти, каршылыкты экспли-циттүү жана имплициттүү түрдө билдирүү жөдөмдүлүгүнө ээ.

Ошоной эле бул проблемага, тагыраак айтканда имплициттүүлүк маселесине логика, философия, адабият таануу илимдеринин өкүл-дөрү да кайрылышып, имплицит-түүлүк бул илимдеги талаш-тартыштардын объектилеринен болуп келген.

Тилдеги мындай көрүнүштү алгачкылардан болуп швейцариялык лингвист Шарль Балли өзүнүн «Общая лингвистика и вопросы французского языка» деген эмге-гинде белгилеген. Ал сүйлөмдүн мазмундук курулушуна логикалык анализ жүргүзүү менен, сүйлөмдүк маанини эки бөлүккө: диктум жана модуска ажыратат. Диктум ой жүгүртүүчү субъекттин эркине баш ийбеген айлана-чөйрөлүк чындыкты чагылдыруучу түшүнүк катары каралып, сүйлөмдүн объективдүү маанисин туюнтса, модус сүйлөө-чүнүн катышы бар, анын эркине байланышкан сүйлөмдүк субъек-тивдүү маанини билдирет. Сүйлөм-дөгү мындай маанилер эксплициттик жана имплициттик өзгөчөлүктөрдө берилиши мүмкүн.

Эксплициттүүлүккө ойду, маалыматты жеткиликтүү, так берүү мүнөздүү. Эксплициттик сүйлөмдөр, Ш.Баллинин белгилөөсү боюнча, эки өзгөчөлүктө: коррелятивдик жана модалдык негизде уюшулат да, неги-зинен, андай сүйлөмдөрдө диктум же объективдүү маани басымдуулук кылат. Ал эми имплициттик сүйлөмдөрдө диктум менен модустун айкашы ачык сезилбей, мындай сүйлөмдөрдө, негизинен, модус же субъективдүү маанилер берилет. Имплициттүүлүккө ачыктык, тактык мүнөздүү болбой, андагы кыскар-тылган же каймана түрдө берилген маани кырдаалга, тыңдоочунун ой жүгүртүүсүнө ылайык мурда же кийин берилген эксплициттүүлүктүн таасиринде айкындалат. Аны уюш-туруучу тилдик факторлор катары кептик кырдаал, контекст, инто-нация, мимика, жест жана башкалар кызмат өтөйт. Мисалы:

- Курбуларыңа чай кайнатып бербейсиңби? – деди кемпир бир оокумдан кийин Закешке.

Закеш кыздарга карады эле, алар «Жок, ыракмат, ичпейбиз!» дегенсип чүйрүңдөшүп койду (А.Саспаев).

Кептеги имплициттүүлүк проб-лемасына бир топ тилчи-окумуш-туулар атайын максатта кайры-лышкан. В.Х.Багдасарян «Проблемы имплицитного (логико-методоло-гический анализ)» деген эмгегинде имплициттүүлүккө тийиштүү маселе-лерди кеңири ачып берүү менен бирге, анын тилдеги функциялык маанисин, ордун белгилейт, түрлө-рүн көрсөтөт. Ошондой эле автор бул маселени өз алдынча изилдөө менен гана чектелбестен, өзгөчө методологиялык принциптер боюнча анализдөө аркылуу атайын тилдик аспект катары кароо керек деген пикирин билдирет.

Жалпысынан, илимий мате-риалдарга жана бул кубулушту изилдөөнүн ар түрдүү багыттарына караганда, диалогдогу имплицит-түүлүк проблемасы өтө эле кеңири жана көп кырдуу. Натыйжада, диалогдук бирдиктин структу-расынан жооп репликадагы “макул болбоо” кубулушун бөлүп изилдөөгө да кеңири мүмкүнчүлүк түзүлдү. «Макул болбоо» имплициттүлүгүнүн кеңири изилденишинин дагы бир бирден-бир себеби диалог (маек) кебинде макул болбоону билдирүүчү каражаттар макул болууну билдирүүчү каражаттарга караганда көбүрөөк кездешкендигинде. «Макул болбоочулук» деген сөздү кеңири мааниде алганда, коммуникант-тардын ортосундагы бир пикирдин жоктугу менен түшүндүрүлөт, б.а., мурдагы репликада айтылган пикирге каршы болуу, адресанттын пикирине кошулбоо. Макул бол-боонун семантикалык диапазону диалогдук контекст менен шарт-талуучу кошумча маанилик каражаттарды камтышы мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, имплициттүүлүк түшүнүгү тилдик үнөмдөө принцибине ылайык аны менен түздөн-түз катышта келип чыккандыктан, анын негизги белгилери диалог иретинде берилген кемтик сүйлөмдөрдө жана ал типте берилген кемтик сүйлөмдөрдө камтылат.

Бул өңдүү маанилик өзгөчөлүктөрдө берилген сүйлөмдөр көбүнчө көркөм чыгарманын тилинде жана оозеки кепте арбын колдо-нулуп, мындай сүйлөмдөрдү кыргыз тилинде сүйлөй алган ар бир эле адам жеткиликтүү деңгээлде түшүнө албайт. Ал эми кыргыз тилин үйрөнүүчүлөр үчүн мындай тилдик көрүнүштөр бир топ татаалдыктарды туюндурат. Андыктан сүйлөмдө кам-тылган мындай маанилик бөтөн-чөлүктөрдү, алардын берилүү ыктарын, андай сүйлөмдөрдүн кол-донулуу өзгөчөлүктөрүн атайын максатта изилдөө, тилди окутууда өзгөчө көңүл буруу зарыл массе-лелерден болуп калууда.

Адабияттар:

1. Арнольд И.В. Импликация как прием построения текста и предмет филологического изучения // Вопросы языкознания. 1982. -№ 4. - С. 83-91.
2. Арутюнова Н.Д. Диалогическая цитация: (К проблеме чужой речи) // Вопросы языкознания. - М. - 1986. - № 1. - С. 50-64.
3. Арутюнова Н.Д. Предложение и его смысл (логико-семантические проблемы). - М.: Едиториал УРСС, 2002. - 383 с.
4. Багдасарян В.Х. К вопросу об имплицитном в языке // Философия и методологические вопросы науки: сб. статей. - Ереван, 1977.
5. Борисова Е.Г., Пирогова Ю.К. Имплицитная информация в рекламе и пропаганде // Имплицитность в языке и речи. - М., 1999. - С. 145–151
6. Ермакова Е. В. От общих принципов мышления к имплицитной многозначности художественного текста // Вестник ЧелГУ. -2007.-№ 22. Вып 17. С. 42–47.
7. Ермакова, Е. В. Много-аспектность проблемы имплицитности: имплицитность в языке и речи // Известия Саратовского университета. Новая серия. Социология. Политология. 2009. Т. 9 (Вып.1). - С. 58–62
8. Шендельс Е.И. Имплицитность в грамматике // Вопр. романо-герм. филол. Синтаксическая семантика: Сб. науч. тр. МГПИИЯ им. М.Тореза. - М., 1977. Вып. 112.